**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча алдын ала коргоо жыйынынын №33.1**

# ПРОТОКОЛУ

**15-ноябрь, 2024-жыл** **Бишкек шаары**

**Катышкандар:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Дюшеева Н.К. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 2. | Панкова Т.В. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 3. | Абдыкапарова А.О. | пед. илимдеринин кандидаты | 13.00.01; 13.00.02 |
| 4. | Ажибаева А.С. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 5. | Акиева Г.С. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 6. | Алимбеков А. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 7. | Асипова Н.А. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 8. | Джанузаков К.Ч. | пед. илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |
| 9. | Зулуев Б.Б. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 10. | Иманалиев Т.Т. | пед. илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |
| 11. | Калдыбаева А.Т. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 12. | Мамытов А.М. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.04 |
| 13. | Сартбекова Н.К. | пед. илимдеринин доктору | 13.00.01 |

**Кошумча чакырылган адистер:**

Койлубаева Н.К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Жолдошева Б.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Абдуллаев

Д.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер, Аманова Г.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.

УАКтын төрайымынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 15 мүчөсүнөн 13 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 10 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинде 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо.**

**Диссертациялык иш** Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи: Токсонбаев Рыскелди Нурманбетович –** педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Төрага:** Диссертациянын негизги мазмунун, жоболорун баяндап берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет (Докладдын тексти тиркелет).

**Төрага:** Доклад бүттү. Суроолоруңуздарды бериңиздер. Алдын ала диссертациялык кеңештин мүчөлөрү берсин, андан кийин калган чакырылган адистер берсе болот. Сөз профессор Акматали Алимбековичкеберилет.

**Алимбеков А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Кенжегүл Пазыловна! Тогуз коргоол оюнунун негизги педагогикалык функциялары кайсылар жана пайдасы эмнеде?

**Изденүүчү**: Рахмат сурооңузга! Тогуз коргоол оюнуну интеллектуалдык оюн болгондуктан негизги педагогикалык функциялары жана пайдасы абдан эле зор: логиканы өнүктүрүүгө жана так эсептөөгө жакшы жардам берет, анткени оюнду ойноп жатып математикалык кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүүгө мажбур болот. Ошондуктан бул оюн башталгыч класстардын балдарына да абдан пайдалуу.

Кыргыз улуттук оюндарынын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктадык, болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмуну, педагогикалык шарттары, тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыкты.

Кыргыз улуттук оюндарынын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталды.

Заманбап илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн

калыптантыруунун мазмуну, педагогикалык шарттары, тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыкты.

Баатыр эл, тынчтык өкүм сүргөн маалда тогуз коргоолду ойноп, өзүнүн аскердик жана стратегиялык ой жүгүртүүсүн өнүктүргөн. Мына ушул себептен көчмөн түрк элдери, ошондой эле кыргыздар үчүн тогуз коргоол оюну маанилүү болуп калган. Аскерлерди, байлыктарды жана душмандардын ээликтерин өзүнө каратып алуу оюндун негизи маңызы катары каралат. Ошол себептен ар бир коргоол бир аскерди символдоштуруп турат.

*Экинчи суроо.* Авторефераттын 13-бетинде Сиз теориялык модель мотивациялык, мазмундук, уюштуруучулук жана технологиялык компоненттен турааары негизделди деп жазып жатасыз. Эмнеге үч компонент эмес? Уюштуруучулук компонент менен технологиялык компонент бирдей эле функцияны аткарат эмеспи?

**Изденүүчү**: Рахмат суроонузга. Бул компоненттер бирдей эле функцияны аткарбайт. Уюштуруучулук компонент дене тарбия процессин башкаруу, сабактын мазмунун пландоо, методикалык материалдарды даярдоо, окуучулардын окуу жетишкендиктерине байкоо жана баалоо жүргүзүү, ыңгайлуу окутуу чөйрөсүн түзүү, коммуникациялык мамилелерди калыптандыруу менен окуучуларды адистик билим алууга, тогуз коргоолду сүйүп ойноого шыктандырат.

Ад эми технологиялык компонент тогуз коргоол оюнун окутуу, окуучулардын окууга умтулуу процессин стимулдаштыруу, окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча компьютердик, мульти-медиалык программаларды колдоно билүү, эффективдүү коммуникация ыкмаларын өздөштүрүү дараметин жакшыртат.

**Төрага:** Сөз профессор Айчүрөк Токтополотовна, Сизге берилет.

**Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Кенжегүл Пазыловна! Сиз эмне үчүн диссертацияны эки адистиктен

коргоону чечтииз? 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы бул теориялык адистик, демек биринчи глава теориялык маселелерди камтышы керек. Сиз адегенде эле тогуз коргоолдон баштап жатасыз.

**Изденүүчү:** 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча боюнча «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишти эки адистикте жазгандын себеби коргоол боюнча бизге чейин бир да илимий жазылган эмес, теориялык жагын ачып көрсөтүү менен эле чектелбестен методикасын да ачыктоого аракет жасадык. Дене тарбия мугалимдерине келечекте сабак учурунда көп пайдасы тиет деп ойлойбуз.

*Экинчи суроо.* Тогуз коргоол студенттердин кайсы сапаттарын өнүктүрөт?

**Изденүүчү**: Тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн тогуз коргоолго карата кызыгуусун жана болочок кесипти сүйүү сапаттарын, тогуз коргоол оюнунун теориясын жана методикасын өздөштүрүү; педагогикалык ишмердүүлүктүн негиздерин окуп-үйрөнүү, мугалим катары үлгүлүү жүрүм-турумга, жеке спорттук чеберчиликке, калыстык квалификацияга ээ болууну камсыз кылат, окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча компьютердик, мульти-медиалык программаларды колдоно билүү, эффективдүү коммуникация ыкмаларын өздөштүрүү дараметин жакшыртат.

Студенттердин тогуз коргоол боюнча баалоо методикалар жокко эсе. Ошондуктан биз модулдук-рейтингдик технологиянын баллдык системасын колдондук. Педагогикалык эксперименте да модулдук окутуу, компьютердик окутуу жана кредиттик окутуу технологияларына басым жасалды.

*Кийинки суроо:* Коюлган максатка жетүү үчүн кайсы изилдөө методдорун пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** Изилдөөнүн методдору катары биз адабий, илимий булактарды жана укуктук-ченемдик документтерди анализдөө, педагогикалык байкоо жана анкеталык сурамжылоо жүргүзүү, кесиптик компетенттүүлүктү мүнөздөөчү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү баалоо, педагогикалык эксперимент сыяктуу методдорун пайдаландык.

**Төрага:** Сөз профессор Токтобек Тыбыновичке берилет.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Авторефераттын 21-бетинде ылдамдык сапат 17 деген цифра эмне дегенди билдирет? Тактап койгула. Жогорку окуу жайында “Тогуз коргоол” дисциплинасына канча саат берилет?

**Изденүүчү:** Жогорку окуу жайында “Тогуз коргоол” дисциплинасына 20 саат берилет. Болочок дене тарбия мугалимдеринин дене тарбия багыты боюнча адистерди даярдоочу жогорку окуу жайлардагы негизги окуу программаларын иштеп чыктык, кесиптик профилдик дисциплина боюнча лекциялык сабактарды өтүүдө жана дене тарбия мугалимдеринин адистик чеберчиликтерин жогорулатуу курстарына колдонууга сунуштадык.

**Төрага:** Сөз профессор Акиева Гулдана Салмоорбековнага берилет.

**Акиева Г.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Какие виды национальных игр еще существуют? В резюме пропущено ключевое слово.

**Изденүүчү:** Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздүрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айырмаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, аңгилдек, уюм тууду, селкинчек, упай жана башка ат оюндарынын түрлөрү эсептелет.

**Төрага:** Сөз профессор Нуржан Коодоевнага берилет.

**Сартбекова Н.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Кенжегүл Пазыловна! Сиздин темаңызга жакын буга чейин изилдөөлөр болгонбу?

**Изденүүчү:** Кыргыз элинин улуттук оюндары жана спорту бир катар изилдөөлөрдүн объекти болгон, бир катар кандидаттык диссертациялар корголгон. Алардын басымдуу көпчүлүгүнүн изилдөө объекти кыргыз күрөшү жана ордо оюну болгон. Кыргыз күрөшү менен байланышкан кандидаттык диссертацияларды Т. О. Асанов, Б. Х. Анаркулов, У. Ж. Калилов жана Э. М. Тукеев, ал эми ордо оюну боюнча М. Т. Абдуллаев, казак окумуштуулары А. Ашкороев, Чылымовдор коргошкон. Улуттук оюндар боюнча корголгон диссертациялар адам-баласынын активдүү кыймыл-аракетине негизделгендиги менен байланыштуу, ал эми биздин изилдөөлөрдүн объектине (тогуз коргоолго) – интеллектуалдык ишмердүүлүктүн басымдуу ролу жана оюн ойноочунун кыймыл-аракетинин чектелүүсү мүнөздүү.

**Төрага:** Сөз профессор Айнура Жакшымбековнага берилет.

**Ажибаева А.Ж. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Студенттерге тогуз коргоолду ойноо боюнча кандай практикалык сунуштарды бересиз?

**Изденүүчү:** Тогуз коргоолду үйрөнүп, ойноо үчүн студенттерге төмөнкү практикалык сунуштарды берсе болот: эрежелерди үйрөнүү: Алгач оюн эрежелерин жана негизги стратегияларды түшүндүргөн атайын видеолорду же окуу материалдарды изилдеп чыгуу. Практика жүргүзүү: Компьютердик симуляторлорду, мобилдик тиркемелерди же дос-курбу менен машыгуу аркылуу тажрыйбаны арттыруу. Турнирлерге катышуу**:** Университетте же коомдо уюштурулган тогуз коргоол мелдештерине катышып, реалдуу атаандаштар менен ойноо. Бул сунуштар оюнду өздөштүрүүдө кызыгуу жаратып, логикалык ой-жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

**Төрага:** Сөз илимий жетекчи Токсонбаев Рыскелди Нурманбетович**ке** берилет.

**Токсонбаев Р.Н.** (Илимий жетекчинин пикири тиркелет).

**Төрага:** Эми эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берейли. Мамытов Абакир Мамытович – эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Мамытов А.М.:** Мен бул диссертацияны кызыгуу менен окуп чыктым, себеби диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Тероиялык жактан да практикалык өңүттөн да алганда маанилүү жумуш, ошондуктан көп суроолор пайда болду. Биринчи варинтын оңдоого туура келди. Себеби диссертацияынын мазмунунда чоң каталар, орунсуз материалдар көп болгон, мен аларды оңдоп бердим. Адегенде көптөгөн кемчиликтерди көрсөтүп жарабайт деп жыйынтык бергенмин. Изденүүчү кетирген кемчиликтер менен иштеди.

Дене тарбиянын незизги мидети – кыймыл аракет менен байланышат. Ал эми Тогуз коргоолдун өзгөчөлүгү – бул логикалык ой-жүгүртүүгө жана стратегиялык пландаштырууга негизделген тынч оюн. Оюнчулар отуруп, кыймылсыз ойноо менен ар бир кадамды кылдат ойлонушат, бул зейинди топтоого жана чыдамдуулукту өнүктүрүүгө шарт түзөт. Бул элдин маданий баалуулугун, мурасын, маданиятын чагылдырат. Мындан тышкары, оюн кыргыз элинин маданиятындагы терең философиялык жана тарбиялык маанини чагылдырат. Бул оюн бир эле кыргыздыкы эмес, аны казактар да ойношот. Башка улуттук оюндар менен салыштыруу жок. Мисалы, ордо менен салыштырылса болот. Жогоруда уюштуруучулук компонент тууралуу сөз болду. Дене тарбия сабагында бул негихги компонент болуп эсептелинет. Уюштуруучулук компонент дене тарбия процессин башкаруу, сабактын мазмунун пландоо, методикалык материалдарды даярдоо, окуучулардын окуу жетишкендиктерине байкоо жана баалоо жүргүзүү, ыңгайлуу окутуу чөйрөсүн түзүү, коммуникациялык мамилелерди калыптандыруу менен окуучуларды адистик билим алууга, тогуз коргоолду сүйүп ойноого шыктандырат.

Физикалык даярдыкты карасаңыздар, тогуз коргоолдун көрсөткүчтөрү бир топ жогору болуп жатат. Компетенттүлүккө келгенде тогуз коргоолдун

теориясын билеби, ошол негизги предметти өткөнгө даярбы, педпрактиканын жыйынтыгы кандай болду. Ушул нерселерди чечкенге аракет жасалыптыр. Бирок дагы деле бышып жетпей тургандай ой калтырып турат. Жетекчи көңүлбөлүп жакшы иштеш керек, отуруп угуш керек.. Докладдын үстүнөн олуттуу иштеш керек.Слайддын синхронизациясы жок. Муну ким жасайт? Алдыда убакыт бар, кезеги келгенче ондойт деп ишенем. Мен бул жумушту ачык коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Нурбүбү Асаналиевнага берилет.

**Асипова Н.А.** Мен да бул жумуш боюнча эксперт болдум. Автореферат менен көп иштедим, резюмесине чейин ондоого туура келди. Илимий аппараты да оңдолду, ошондуктан жактоого сунуштадым. Доклад начар болгону менен берилген суроолорго жооп берип жатат. Демек материалын билет.Колдоп койсо болот.

**Төрага:** Сөз профессор Канат Чыныбаевичке берилет.

**Джанузаков К.Ч. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Мен да эксперт катары бул иш менен көп нерселерине жардам бердим. 3000-жылдык тарыхы бар кыргыз элининбаалуу оюндарынын бири – тогуз коргоол. Бирок тогуз коргоолдун теориясы менен практикасы, ички мазмуну иштелип чыга элек. Бул эмгек ушунусу менен баалуу. Практикалык түрдө окуу китептерн көрсөтө алабыз.

Мен эмнени көрүп жатамКыргыздын баалуулугу болгон тогуз коргоолду пайдалануунун методикасын иштеп чыккан аракети, бир топ жетишкиндиктер бар.

Экинчи белгилей кетчү нерсе – бул изденүүчү абдан эмгекчил кыз. Бир мешок 200 дон ашык китептерди чогултуптур, аларды иргепкелгенде аябай кыйналган.Ушунун негизинде ушул диссертация жазылган экен.Жалпы спорттун теориясы менен методикасына келгенде тогуз коргоолдун ордун табууга аракети зор, болочок мугалимдер кантип кесиптик жана жалпы компетенттүүлүгүн өнүктүрөт, дене тарбиянын мазмунун кантип байытса

болот деген маселелер чечмеленген. Бирок слабый жери эксперименталдык материалды жакшы аныктай алынбаганында болуп жатат. Азыр Кыргызстанда дене тарбиясы адистиги боюнча алты жогорку окуу жайы бар. Ошолжерде эмгектенген окутуучуларга, билим алып жаткан студенттерге жардам болот деп эсептеймин. Жумушту кабыл алууга сунуштаймын.

**Төрага:** Сөз профессор Нуржан Коодоевнага берилет.

**Сартбекова Н.К.. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Абдан актуалдуу темада жазылган эмгек экен. Модел супсак болуп калгандай пикир жаратып жатат, коп жерлерин ачыктаныз, баалоо критерийлерин кеңеейтүү керек.

**Төрага:** Сөз профессор Акматали Алимбековичке берилет.

**Алимбеков А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Абдан актуалдуу темада жазылган эмгек, демилгечи экен. Менимче бул оюндун мазмунун ачыш керек. Кемчиликсиз иш болбойт, айтылган сын-пикирлерди оңдош керек. Ар кандай оюн убакытты өткөруш үчүн жаралбайт, эгер андай болсо сакталбайт. Оюн адамдардын сапатын өстүрүп, оюн бекемдеп, адамдарды руханий жактан байытып жүргөн үчүн ушундай оюндар жаралат. Оюндардын маңызын, маданий, этнопедагогикалык функцияларын ачып көрсөтүү абдан актуалдуу. Оюндардын функциясын ачыктап, анын өзүнүн философиясын аныктаган Симаковлун эмгеги бар, ошону карап чыксаңыз эле баары жок түшүнүктүү болуп калат. Мугалимдерди тогуз коргоолго кантип үйрөтүш керек маселеси турат. Төрт компоненттин ички биримдигинин мазмуну ачыкталса жакшы болмок, толуктап коюш керек. Модельдеги критерийлерди ачыктоо керек. Темага карата күтүлүүчү натыйжаларды кошуңуз. Компетенцияларга интерпретация керек. Стилистикасын ондоо керек. Биринчи эле сүйлөм "Соңку мезгилдеги адистик жогорку билим берүү коомдогу кайра түзүүлөрдүн контекстинде өнүгүү жолуна түшүп билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатын көздөөдө" эмнени туюнтат? Тил жагын кайра бир карап чыгыңыз, кыргыз

тилиндеги сингармонизм сакталбаган сүйлөмдө көп кездешет. Ушул айткандар эске алынса, мен бул ишти колдойм.

**Төрага:** профессор Айчүрөк Токтополотовна, сөз Сизге берилет.

**Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Улут менен байланышкан темалар дайыма актуалдуу, кызыктуу. Он бир улуттук оюндун бири болгон “Көк бөрү” кыргыздын атын дүйнөгө таркатты.

Мен модельден баштайын. Модель таптакыр туура эмес түзүлгөн. Модель – бирдиктүү биримдик. Ар бир тушунук өзүнчө бөлүнүп калган. Алар бири бирине баш ийип, белгилүү ирээтте берилиш керек. Эмнеден эмне келиа чыгат? Эмнеге эмне баш ийет деген талаптар бар. Ушуга көңүл буруңуз. Сиз эки адистиктен коргоп жаткандан кийин биринчи глава теориялык болуп, дүйнөлүк тенденцияларга таянуу керек. Схема түрүндө классификациясын берип алардын арасыннда Сиз изилдеген проблеманын ордун көрсөтүү керек. Мүмк ун диссертацияда ал бардыр, анда авторефератка кощуу керек. Компетенциянын кайсы түрүнө кирет, аныктама бериңиз. Сиз Абдуллаевдин диссертациясы менен тааныш эмес окшойсуз, ал жерде көптөгөн формулалар бар, колдонуңуз, өзүңүздүн данныйларды киргизиңиз. Эми андай диссертацияны даярдан үчүн илимий жетекчи Мамытов болуш керек го. Сиздин эмгек биринчилерден болгон соң кийинкилерге үлгү болуш керек да. Мен эксперттердин оюна кошулуп, диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз профессор Токтобек Тыбыновичке берилет.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.** Тогуз коргоол — кыргыз элинин улуттук интеллектуалдык оюну. Тарыхчылардын айтымында, илгери болочок башкаруучулардын акылын ушул тогуз коргоол аркылуу текшерген. Оюндун 25 кылымга чукул тарыхы бар.

Дүйнөлүк көчмөндөрдүн III оюндарын даярдоо жана өткөрүү боюнча катчылыгы, Дене тарбия, жаштар иши жана спорт агенттиги менен

биргеликте быйылкы көчмөндөр оюндарына киргизилген спорттун түрлөрүнүн эрежелерин даярдоону улантат.

Тогуз коргоолдо оюнчунун негизги максаты упай топтоо болуп эсептелет. Ар бир оюнчунун тактасында 9 уясы жана ал уясында тогуздан ташы болот. Тогуз деген сан көчмөн эл, ошондой эле кыргыздар үчүн да ыйык сан болгон.

Жогоруда айтылгандай, таблица, схемалар менен камсыздаш керек. Бул изденүүчү дене тарбия жана спорт академиясында көп жылдан бери эмгектенип келет, оюндарды уюштурат. Абдан эмгекчил, бир максатты койсо, ошого жетет.

**Төрага:** Дагы сүйлөй тургандар барбы? Эгерде жок болс, анда диссертация боюнча корутунду кабыл алабыз.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы диссертациясына карата**

## КОРУТУНДУСУ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Болочок мугалимдерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо алардын инсан катары калыптанышына,

улуттук маданияттын баалулуктарын, нарк-насилдердин жана алар менен байланышкан аң сезимдерин кеңири колдонууга, өзгөчө кыргыз эли эгемендикке ээ болгон мезгилден баштап, олуттуу көңүл бурула баштады.

Бул өңүттө маанилүү роль ойногон бир катар коомдук-социалдык жана илимий-педагогикалык өбөлгөлөрдү да белгилейбиз. Алардын орчундуулары катары 2021-жылдын 29-январында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» концепциядагы улуттук аң-сазимге, баалулуктарга жана салттуу маданиятка негизделген татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү аркылуу инсандын өнүгүүсүн камсыз кылуу максатын көздөгөн зарыл чаралардын курамын атайбыз.

Тилекке каршы, азыркы жаштар ар кандай себептерге байланыштуу улуттук балуулуктарга толук кандуу баа беришпейт. Ага байланыштуу жаштарга натыйжалуу таасир этүүчү дене тарбия каражаттарын изилдөө, алардын педагогикалык өңүттө натыйжалууларын негиздөө зарылдыгы келип чыгат.

Ошол эле учурда улуттук маданиятка, салт-санаага, баалулуктарга, спорттун түрлөрүнө карата көз караш, өзгөчө Кыргыз Республикасынын эгемендикке ээ болгон мезгилинен баштап кадыресе өзгөрдү. Улуттук спорттун түрлөрүнүн, алардын катарында тогуз коргоол оюнунун, педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жаңы муунду тарбиялоонун каражаты катары изилдөө жана негиздөө зарылдыгы орун алды. Мындай муктаждыктын актуалдуулугу 2014- жылы Кыргыз Республикасы тарабынан демилгеленген Дүйнөлүк Көчмөндөр оюнунун системдүү өткөрүлүп жатышы менен бышыкталат. Дүйнөлүк масштабдагы оюндардын программасында тогуз коргоолдун киргизилиши бул оюнга карата болгон жаштардын кызыгуусун кадыресе жандантты жана тийиштүү адистерге карата муктаждыктын орун алышы менен коштолду.

Кыргыз Республикасында калктын кыргыз улуттук оюндардына болгон кызыгуусунун жогору экендигине карабастан жаштарды улуттук оюндар

боюнча даярдоо маселеси жетишээрлик деңгээлде чечилбей келе жаткандыгы; жаштар арасында тарбиялык мааниси боюнча өтө жогору болуп эсептелген тогуз коргоол оюнуна болгон кызыгуунун кеңири экендигине карабастан аталган улуттук оюнга даярдоо боюнча адистердин жетишсиздиги; тарбиялык мааниси боюнча шахмат оюнунан кем болбогон тогуз коргоол боюнча адистерди даярдоо зарыл экендигене карабастан бул максатта атайын изилдөөлөрдүн жокко эсе экендиги; улуттук оюндар боюнча адистердин жетиштүү экендигене карабастан, алардын адистик компетенттүлүгүн калыптандырууга багытталган изилдөөлөрдүн жок экендиги бул диссертациялык иштин актуалдуулугун далилдейт

**Изилдөөнүн максаты:** болочок дене тарбия мугалимдерин улуттук тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандырунун илимий-теориялык негиздерин, педагогикалык шарттарын, технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий теориялык негиздери, теориялык модели, педагогикалык шарттары жана күтүлүүчү натыйжалары.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо.

2. Алдыңкы илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмунун, педагогикалык шарттарын жана моделин иштеп чыгуу.

3. Болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну аркылуу

адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык шарттарды жана моделди эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

1. Кыргыз улуттук оюндарынын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталды.

2. Заманбап илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмуну, педагогикалык шарттары, тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыкты.

3. Болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталды, тогуз коргоол боюнча адистешип окуган студенттердин башка студентерге карата салыштырма мүнөздөмөсү иштелип чыкты, изилдөөдөн алынган натыйжаларды кеңири жайылтуу максатында практикалык сунуштар даярдалды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды төмөндөгү багыттар боюнча колдонууга сунушталат: тогуз коргоол оюнунун адистик компетенттүүлүктү калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган илимий-теориялык негиздерди жогорку билимдүү дене тарбия мугалимдерин окутуп-тарбиялоо процессин байытуу максатында; автор тарбынан иштелип чыккан тогуз коргоолду окутуу жана машыгуу методикасын негиздеген атайын курсту, компьютердик интерактивдүү технологияларды, контролдук иштердин жыйнагын, баалоо критерийлерин, педагогикалык шарттарын жана болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо моделин жогорку окуу жайларга жайылтуу максатында; педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын

жана тогуз коргоол оюнунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жаштардын арасында кеңири жайылтуу жана акыл ишмердүүлүгүнө негизделген башка спорттун түрлөрү менен байланышкан салыштырма изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин баяндаган илимий булактарды талдоо жана иштеп чыгуу; адистик компетенттүүлүктүн мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо, болочок мугалимдерди даярдоонун теориялык моделин, педагогикалык шарттарын, окутуу технологияларын жана баалоо критерийлерин негиздөө, тийиштүү адистик-негизги программаны, окутуу курсунун мазмунун жана методикалык каражаттарды иштеп чыгуу; педагогикалык эксперимент жүргүзүү, анын натыйжаларын анализдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу менен байланыштуу.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, изилдөөнүн милдеттеринин чечилишин баяндаган үч баптан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан жана 157 булакты камтыган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 146 баракты түзөт.

**7. Диссертациянын натыйжаларынын толук жарыяланышы.**, Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышы: изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде 9 макала, анын ичинде РИНЦ системасында 2 макала жарык көрдү:

1. Кыргыз цивилизациясындагы кыз келиндер оюну // Дене тарбия жана спорт Жарчысы. – 2018. – №3 (22). – 3-8-бб.

2. Денежные нормы питания воспитанников республиканского спортивного колледжа им. Ш. Сыдыкова // Физическое воспитание и спорт-взгляд в будущее: Интеграция науки и цифровых технологий в образование и практику: материалы международной научной конференции. – 2022. – С. 19-24.

3. Тогуз коргоол боюнча адистик компетенцияларын калыптандыруу [Текст] / К. П. Манашева // Актуальные научные исследования в современном мире: материалы международной научной конференции. – 2023.

4. Тогуз коргоол улуттук оюнунун жаш муундарга тийгизген педагогикалык таасири // Известия Вузов Кыргызстана. – 2023. – №5. – 273-276 бб.

5. Кыргызстанда “Тогуз коргоол”оюнунун өнүгүүсү жана калыптанышы. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – №8. – 330-333 бб.

6. Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыздын элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2024. – №1. – 237-240 бб.

**7.** Педагогические основы кыргызских национальных подвижных игр и игры “Тогуз коргоол” в развитие общепредметных компетенций обучаюшихся // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №3-3 (90) 157-161.

**8. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Педагогика илимдери боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы докторлук (кандидиттык) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.
2. Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдик дене тарбиянын теориясы менен методикасы адистиктери боюнча боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын Жобосунун 9,11 пунктуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана ачык коргоого сунуш кылынсын.
3. **Жетектөөчү мекеме катарында** Ош мамлекеттик университетинин

педагогика, спорттук жана улуттук оюндар кафедралары бекитилсин;

**- биринчи официалдуу оппонент** катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамытов А.М.;

**- экинчи официалдуу оппонент** катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Карагозуева Г.Ж. дайындалсын.

**Төрага:** Чечимди кабыл алуу боюнча добуш берүүңүздөрдү суранам: Ким «Макул»? Бардыгы «Макул», «Каршы», «Калыс» – жок. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин жыйынынын отурумун жабык деп жарыялайм.

Диссертациялык кеңештин төрагасы,

педагогика илимдеринин доктору, профессор: Дюшеева Н.К.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене-тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден-соолукту чыңдоо жана адаптивдүү дене-тарбиясынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Манашева Кенжегүл Пазыловнанын** диссертациясын алдын-ала коргоо боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 15-ноябрындагы (№33.1 токтому) диссертациялык кеңештин жыйынына

**КЕЛҮҮ БАРАГЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Дюшеева Назира Кубанычбековна (төрайым) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 2. | Панкова Татьяна Витальевна (төрайымдын орун басары) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 3. | Абдыкапарова Айгуль Осмонкуловна (окумуштуу катчы) | п.и.к., 13.00.01 | |
| 4. | Ажибаева Айнура Жакшымбековна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 5. | Акиева Гудьдана Салмоорбековна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 6. | Алимбеков Акматали | п.и.д., 13.00.01 | |
| 7. | Андрущишин Иосиф Францевич | п.и.д., 13.00.04 | келген жок |
| 8. | Асипова Нурбүбү Асаналиевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 9. | Джанузаков Канат Чыныбаевич | п.и.к., 13.00.04 | |
| 10. | Зулуев Бекмырза Бекболотович | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 11. | Иманалиев Токтобек Тыбынович | п.и.к., 13.00.04 | |
| 12. | Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 13. | Макагонов Александр Николаевич | п.и.д., 13.00.04 | келген жок |
| 14. | Мамытов Абакир Мамытович | п.и.д., 13.00.04 | |
| 15. | Сартбекова Нуржан Коодоевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| | **Кошумча чакырылган адистер** | | |
| | Токсонбаев Р.Н | п.и.д. 13.00.01 | |
| | Аманова Т.М. | п.и.к. 13.00.02 | |
| | Жолдубаева Н.К. | п.и.к., 13.00.01 | |
| | Молдошова Б.А. | п.и.к. 13.00.01 | |
| | Абдылдаев Д. А | п.и.к, 13.00.01 | |
| | | | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А.О.**

*Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктайм: диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, п.и.к., доц.*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ